Жалал-Абад областтык адам укугун коргоо уюму Коомдук бирикмеси

«СПРАВЕДЛИВОСТЬ»

ӨЗ УКУГУҢДУ КОРГОЙ БИЛ

ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТАНУУ ЖАНА КОРГООНУ БОЮНЧА КАДАМДЫК НУСКАМА

Ушул чыгарма Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилигиндеги Демократиялык комиссиясынын колдоосу менен чыгарылды. Аталган чыгарманын мазмуну Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилигинин ой-пикири менен дал келбестиги мумкун

Биздин мамлекетибизде акыркы жылдары үй-бүлөлүк зомбулук чөйрөсүндө көп суроолор пайда болуп, эң орчунду маселелердин бирине айлануда. Айрыкча үй-бүлөлүк зомбулукка аялдар жана жашы жете элек балдар кээде ымыркайларга чейин дуушар болгондуктары массалык маалымат каражаттары аркылуу байма-бай айтылууда. Бул маселе боюнча жабыркагандар үчүн атайын колдонмолор, маалыматтар көп чыгарылып коомчулукка жеткирилүүдө. Үй-бүлөлүк зомбулук – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси (мыйзамдан алынган). Ушул кадамдык нускамабыз үй-бүлөлүк зомбулукка дуушар болгондор, жабыр тарткандарга гана эмес, балким жалпы коомчулукка сактанууну жана коргонуунун кадамдары белгиленип, мындай кылмышты же жорукту болтурбоого жана алдын алууга багытталган.

КАКИЕ ИМЕЮТСЯ НОРМАТИВНЫЕ ПРАВОВЫЕ АКТЫ В СФЕРЕ ЗАЩИТЫ И ОХРАНЫ ОТ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ?

(В ТЕКСТЕ ИСПОЛЬЗОВАНЫ НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫЕ АКТЫ, ДЕЙСТВУЮЩИЕ НА 01 МАЯ 2021 ГОДА)

Конечно же, в сфере семейного или домашнего насилия, прежде всего необходимо отметить Закон Кыргызской Республики “Об охране и защите от семейного насилия” (в редакции от 27 апреля 2017 года). По привлечению к уголовной ответственности и проступкам имеются специальные нормы в Уголовном кодексе и в Кодексе о проступках.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

75-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулук	**76-берене. Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо**
Үй-бүлө мүчөлөрүнүн биринин үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө же ага теңдештирилген адамга карата жабырлануучунун конституциялык жана башка укуктарын жана эркиндиктерин бузган, буга тете эле ага дене-бойлук же психикалык азаптануу келтирген же болбосо анын дене-бойлук же психикалык өнүгүүсүнө зыян келтирген кандай болбосун атайылап жасаган аракети, -	Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо, -
II категориядагы айып пул (60-80 миң) же болбосо II категориядагы түзөтүү жумуштары (4-6 айга) же болбосо II категориядагы коомдук жумуштарга (40-60 саат) тартуу түрүндөгү жазага алып келет.	*II категориядагы айып пул (60-80 миң) же болбосо II категориядагы коомдук жумуштарга (40-60 саат) тартуу түрүндөгү жазага алып келет.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИ

138-берене. Ден соолукка оор зыян келтирүү	**139-берене. Ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү**
Келтирүү учурунда өмүргө коркунучтуу болгон дене-бойго зыян келтирүү түрүндөгү ден соолукка оор зыян келтирүү; же көрүүсүн, сүйлөөсүн, угуусун же кайсы бир органын жоготууга, же болбосо органдын аткаруучу функцияларын жоготууга алып келген ден соолукка зыян келтирүү; эмгекке жөндөмдүүлүгүн кеминде үчтөн бирин туруктуу жоготуу менен, же болбосо билип туруп кесиптик эмгек жөндөмдүүлүгүн толук жоготуу менен байланышкан психикалык ооруга же ден соолугунун башка бузулуусуна алып келүү; боюнан түшүрүү же болбосо адамдын бетине кетпес так салуу, -	Өмүргө коркунуч келтирбеген жана ушул Кодекстин 138-беренесинде каралган кесепеттерге алып келбеген, бирок ден соолуктун узакка начарлашына же жалпы эмгекке жарамдуулугунунун үчтөн бирине чейин олуттуу түрдө туруктуу жоготууга алып келген ден соолукка зыян келтирүү, -
III категориядагы эркиндигинен ажыратууга (5 - 7,5 жылга) жазаланат.	*IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2,5 – 3 жылга) же V категориядагы айып (22 – 26 миң), же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2,5 жыл) жазаланат.*

144-БЕРЕНЕ. УРУП-СОГУП КЫЙНОО

1. Дайыма кайталануучу уруп-согуп кыйноо жолу менен, же болбосо башка зомбулук аракеттер менен дене-бойлук же психикалык жапа чегүү келтирүү, эгерде бул ушул Кодекстин 138 жана 139-беренелеринде көрсөтүлгөн кесепеттерге алып келбесе, -	2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун: 1) күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга карата; 2) күнөөлүү билип туруп жашы жетелекке, алсыз абалдагы, же болбосо күнөөлүүдөн материалдык же башкадан көз каранды болгон адамга, ошого тете уурдалган, же болбосо барымта катары кармалган адамга карата; 3) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүүлөр боюнча адамдардын тобу тарабынан, -
IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2,5 – 3 жылга) же V категориядагы айып салууга (220 – 260 миң) же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2,5 жыл) жазаланат.	*VI категориядагы айып салууга (260 – 300 миң) же II категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2,5 – 5 жыл) жазаланат.*

БИРИНЧИ КАДАМ

Ар ким үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу үчүн андан коргонуунун ыкмаларын жана эрежелерин билүүсү, зомбулукту болтурбоого карата биринчи кадам болот. Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы эң негизги эреже болуп, ал мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны болтурбоонун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук сактоону жана коргоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт. Мыйзамдын колдонулушу үй-бүлө мүчөлөрүнө жана үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген, бирге жашаган адамдарга жайылтылат.

ЭКИНЧИ КАДАМ

Ар ким өз укуктарын билүүсү зомбулуктан сактанууну экинчи кадамы болот. Демек, Кыргыз Республикасында ар ким үй-бүлөлүк зомбулуктан сактануу боюнча мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан толук маалымат алууга, мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам аркылуу акысыз адвокат алууга, жабыр тарткан адам болсо мамлекеттик органдарынын компетенциялары чегинде укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жана башка жардамдарды алууга укуктуу.

ҮЧҮНЧҮ КАДАМ

Кимдерге кайрылса болорун билүү. Биринчи кезекте ар ким Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (азырда Министрлер Кабинети) тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу. 2020-жылдын 13-январындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 5-сандуу токтомуна ылайык координациялоо органы катары Эмгек жана социалдык өнүктүрүү Министерствосу белгиленди. Бирок, тилекке каршы бүгүнкү күндө аталган токтомго өзгөртүүлөр киргизилип 2021-жылдын 10-мартындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 88-сандуу токтомуна ылайык аталган министерство жоюлганынан улам координациялоо боюнча мамлекеттик орган белгиленбеген бойдон калды. Андан сырткары, эгерде Сиз жабыр тарткан болсоңуз өкмөткө, сотко, прокуратурага, ички иштер органдарына, социалдык өнүктүрүү органдарына, саламаттык сактоо органдарына, билим берүү органдарына, юстиция органдарына, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)не, адвокатурага, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, аксакалдар сотуна жана башка адам укуктарын коргоо мамлекеттик эмес уюмдарына кайрылсаңыздар болот. Бул органдар

кайсы жерде экендигин сурап билип койсоңуз максатка ылайык болот. Бул органдар тууралуу маалыматтарды алардын интернеттеги сайттарынан алсаңыз болот. Мисал үчүн, Өкмөт (Министрлер кабинети) жана ага тийиштүү органдар тууралу анын www.gov.kg сайтынан, прокуратура органдары жөнүндө www.prokuror.kg сайтынан, Омбудсмен сайты тууралуу www.ombudsman.kg сайтынан, адвокаттар тууралуу www.advokatura.kg , акысыз укуктук жардам жөнүндө www.minjust.gov.kg же ukuk-jardam.gov.kg сайты аркылуу кабардар болууга мүмкүнчүлүгүңүз бар. Ал эми бейөкмөт уюмдар жөнүндө маалыматтарды алардын сайтынан, мисалга spravedlivostkg.org сайты аркылуу же Фейсбук колдонуучусу болсоңуз алардын Фейсбуктагы баракчаларынан билсеңиз болот. Google интернет тармагы аркылуу аталган уюмдар жөнүндө “издөө” түймөчөсү жардамы менен табууга мүмкүнчүлүк бар.

ТӨРТҮНЧҮ КАДАМ

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн (Министрлер кабинетинен) толук маалымат алууңузду сунуш кылабыз. Себеби, аталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жана коргоо боюнча өз ара мамлекеттик органдардын иш-чаралар жүргүзүсүн координациялайт жана жетектейт. Жогоруда аталган эң негизги мыйзамдын иш жүзүнө ашыруу үчүн ыйгарым укуктарына ээ. Тилекке каршы бүгүнкү күндө бул мамлекеттик орган Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министерствосу жоюлуп анын ордуна башка мамлекеттик орган белгиленген жок.

БЕШИНЧИ КАДАМ

Ар ким үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурда кайсыл мамлекеттик органга кайрылуусун жана ошол мамлекеттик органдын компетенциясын анык билсе жана иш-жүзүндө кайрылуунун ыкмаларын билсе коргоонунун баштапкы этапы деп айтууга болот. Андай мамлекеттик орган – бул ички иштер министрлиги болуп эсептелинет. Жогоруда айтылган кылмыш же жорук жоопкерчилигине тартуучу орган – бул милиция кызматы болот. Сиз жашап турган аймакта аймактык тескөөчү (участковый) милиционер бар. Сиз тескөөчүгө же түздөн-түз 102 же 112 номерине чалып же милиция канага (ички иштер бөлүмдөрүнө) барып арызданууга укуктуусуз. Сизге кайрылган учурда көмөк көрсөтүп арызыңызды кылмыштардын жана жоркутардын бирдиктүү реестрине каттого милиция кызматкери милдеттүү. Ички иштер органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюуну жүзөгө ашырат, убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдойт, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча сот чечимин аткарууга көмөк көрсөтөт, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жана үй-бүлөлүк зомбулуктан

жабыр тарткан адамдардын эсебин жүргүзөт, жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органды кабардар кылат, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам көрсөткөн үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттерине анын макулдугу менен маалымдайт, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды анын макулдугу менен медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтөт. Эгерде жашы жете элек адам өз ата-энесинен же башка мыйзамдуу өкүлдөрдөн жабыр тартса, анын макулдугусуз эле медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтүлөт, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, жасалган зомбулук жөнүндө маалыматты үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жөнөтөт, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө алдын алуучулук жана маалыматтык иштерди калк арасында жүргүзөт.

АЛТЫНЧЫ КАДАМ

Эгерде Сиз ички иштер органдарына кайрылууга мүмкүнчүлүк таппаган учурда социалдык өнүктүрү (соцзащита) органдарына кайрылууңуз мүмкүн. Мындай учурда аталган органдын кызматкери үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына жыйырма төрт сааттын ичинде кабарлайт. Эң негизгиси үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды ишке ашырат. Мындай программа бүгүнкү күндө Өкмөт тарабынан бекитилген, мисал үчүн, “Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө ПРОГРАММАСЫ” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтому менен бекитилген. Ал программага ылайык эркектер жана аялдар үчүн милдеттүү жана ыктыярдуу оңдоп-түзөө программаларынан өтүшөт. Бул программадан ички иштер бөлүмдөрү жөнөткөн коргоо ордерин алган, үй-бүлөлүк зордук зомбулукту жасаган кишилер же ыктыярдуу өз калоосу менен келген кишилер өтүшөт.

ЖЕТИНЧИ КАДАМ

Эгерде үй-бүлөлүк зордук зомбулук кайрадан кайталанып улантылса сот аркылуу кээ бир чектөөлөр коюга укуктуусуз. Эгерде сотко кайрылуунун ыкмалары менен бейтаныш болсоңуз анда жергиликтүү Акыйкатчы (Омбудсмен)дин өкүлдөрүнө кайрылсаңыз болот. Жарандардын арыздарын жана даттануларын карап чыгуунун натыйжалары боюнча, укуктары жана эркиндиктери үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же алардын кызмат адамынын чечимдери же аракеттери (аракетсиздиги) менен бузулган жана ден соолугунун абалы

боюнча же болбосо башка жүйөлүү себептер боюнча сотко кайрыла албаган адамдарды коргоо үчүн сотко Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) кайрылат.

СЕГИЗИНЧИ КАДАМ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөтү, мэрия) социалдык органдары менен биргеликте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзөт. Ал комитетке мүчө катары кошулууга укуктуусуз. Ал эми, мындай комитет түзүлгөндүгү жөнүндө жана башка үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды мэрия, айыл өкмөттөр өздөрүнүн сайттарына жарыялайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, социалдык өнүктүрүү органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды коопсуз жайга токтоосуз жайгаштырууда ички иштер органдарына көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Ошондой эле, жергиликтүү бейөкмөт уюмдар дагы мындай иш-чаралар алкагында иштейт жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшү чөйрөсүндө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген уюмдар өзүнүн Фейсбуктагы же өз сайттарында жардамы жана жардамдын түрлөрү жөнүндө маалыматтарды жарыялайт.

ТОГУЗУНЧУ КАДАМ

Мыйзамда көрсөтүлгөн алдын алуу (эскертүү) чараларын билүү:

1. Программаларды түзүү (жабыр тарткандар жана жасагандар үчүн);
2. Аңгемелешүүлөр, консультациялар, анын ичинде ишеним телефондору аркылуу сүйлөшүүлөр;
3. Жасаган адамдарды каттоо жана эсепке алуу;
4. Убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоо;
5. Үй-бүлөлүк зомбулук – бул жорук экендиги боюнча маалыматтарды жасагандар арасында таратуу;
6. чыр-чатаксыз жүрүм-турумдарга үгүттөөгө, кайсы болбосун адамды басмырлоого жол бербөөгө багытталган, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү маалыматтык жана агартуучулук өнөктүктөр, иш-чаралар.

ОНУНЧУ КАДАМ

Мыйзамда көрсөтүлгөн бөгөт коюу түрлөрүн билүү (ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылат):

1. Жабырлануучу жана үй-бүлөө мүчөлөрүнүн өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтарды четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүү;
2. Жасаган адамдарды мыйзамга ылайык камоо;
3. Убактылуу коргоо ордерин берүү жана узартуу;

4. Жасаган адамды кылмыш же башка жоопкерчиликке тартуу;

5. Жабырлануучуну токтоосуз коопсуз жерге же болбосо баш калкалоо жайына жайгаштыруу.

ОН БИРИНЧИ КАДАМ

Жабырлануучу биринчи кезекте эмне кылуусу жана кимге кайрылуусу керек?

Биринчи кезекте албетте жабырлануучу өзу билген аймактагы тескөөчүгө телефон аркылуу чалуу менен болуп жаткан үй-бүлөлүк зомбулукту кабарлоо же болбосом 102 номерине чалып кабар берүү зарыл. Ар кандай телефон чалуулар же кабар милиция тарабынан катталат жана ал арыз же даттануу боюнча иш-чара көрүлөт. Андан сырткары Өкмөт тарабынан 112 системасы киргизилген, зомбулуктан жабыркагандар ушул 112 номерине чалып кабар берсе болот.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун адамга оор зыян келтиргени же башка келтирилген зыяндын ордун, болгон окуянын оордатуучу дэңгээлине карап ички иштер органдары ар кандай реакция кылышы мүмкүн:

1. Убактылуу коргоо ордерин берет, анан мөөнөтүн узартышы мүмкүн;

2. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жазыктык жоопкерчиликке тартуу боюнча материалдарды өткөрүп берүү үчүн бардык зарыл аракеттерди жасайт (кармоо, бөгөт коюуу чараларын колдоо, шектенүү жөнүндө кабарлоо ж.б. у.с.)

УБАКТЫЛУУ КОРГОО ОРДЕРИ

Убактылуу коргоо ордери - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучуга мамлекеттик коргоо берүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата ушул Мыйзамда аныкталган таасир этүү чараларын колдонууга алып келүүчү документ (мыйзамдан алынды).

Убактылуу коргоо ордери милдеттүү тартипте, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы белгиленген учурдан тартып жыйырма төрт сааттын ичинде, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган жери боюнча ички иштер органы тарабынан үч күндүк мөөнөткө берилет.

Убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган, он сегиз жашка толгон адамга берилет.

Убактылуу коргоо ордеринин шарттары жана аткарбоонун кесепеттери менен жасаган адамга милиция кызматкери милдеттүү түрдө тааныштырат жана кол койдуруп алат.

Жасаган адам коргоо ордерин шарттарын аткарууга милдеттүү, тескерисинче болсо тийиштүү жоопкерчиликке тартылат.

Коргоо ордерин шарттарын аткарылышын тийиштүү милиция кызматкери контролдойт.

Узартуу

Убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын

арызы боюнча ички иштер органы тарабынан отуз күнгө узартылат.

Коргоо ордерин узартылганы жөнүндө тийиштүү социалдык өнүктүрүү органына же жасаган адамдын иштеген жерине жабырлануучунун макулдугу менен жөнөтүлөт.

Ал эми, убактылуу коргоо ордерин узартуу боюнча чечимди жасаган адам прокуратурага же сотко даттанса болот.

Жабырлануучу жашы жете элек же жөндөмсүз болсочу?

Анда коргоо ордери мыйзамдуу өкүлдөрүнө же социалдык өнүктүрүү органынын жоопту кызматкерине же болбосо ички иштер органдарынын жашы жете электердин иши боюнча кызматкерине берилет.

Убактылуу коргоо ордеринин кандай шарттары бар?

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен түздөн-түз жана кыйыр катташууларга тыюу салуу.

Узартылган коргоо ордеринин кандай шарттары бар?

Жогоруда айтылган шарттардын тышкары:

3) милдеттүү түрдө үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген типтүү оңдоп-түзөө программасына ылайык зомбулукчул жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасынан өтүү жөнүндө шарт киргизилет.

ОН ЭКИНЧИ КАДАМ

СОТКО ДОО АРЫЗ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ

Жабырлануучуну сотко кайрылууга жана сотто бир канча талаптарды коюуга укуктуу.

1-талап:

Бирге жашаган жерден убактылуу чыгарып салуу (1–6 айга чейинки убакытка).

2-талап:

Жашы жете элек балдар менен катташуу бөлүгүндө ата-энелик укуктарды чектөө (1–6 айга чейинки убакытка).

3-талап:

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жарандык мыйзамдарга ылайык аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таануу.

ДОО АРЫЗ БЕРҮҮНҮН ШАРТЫ

Биринчи жана экинчи талаптар боюнча сотко доо арыз менен кайрылууда убактылуу коргоо ордеринин көчүрмөсү же соттук актынын көчүрмөсү же болбосо үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгынын фактысы боюнча аны жасаган адамга карата аксакалдар сотунун чечими тиркелет.

ДОО АРЫЗ БЕРҮҮНҮН МӨӨНӨТТӨРҮ ЖАНА СОТТУК КАРООНУН МӨӨНӨТҮ

Биринчи жана экинчи талаптар боюнча сотко доо арыз менен АЛТЫ айдын ичинде:

- коргоо ордери берилген учурдан тартып
- жасаган адамга карата соттук акт мыйзамдуу күчүнө киргенден тартып берилиши мүмкүн.

Арыз сотко келип түшкөн күндөн тартып

- доо арызын сот өндүрүшүнө кабыл алуу – 5 күн
- ишти соттук териштирүүгө даярдоо – 14 күн

үчүн каралган убакытты эсептебегенде ОН күндүн ичинде сот тарабынан каралат.

Биринчи жана экинчи талаптар боюнча чыгарылган сот чечими ал жарыялангандан кийин токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет. Соттун чечимин даттануунун тартиби жарандык процесстик мыйзамдарда белгиленет.

Ал эми, үчүнчү талап боюнча иш Кыргыз Республикасынын Граждандык (64-65-беренелер) жана Жарандык-процесстик кодекстеринде (32-глава) белгиленген мөөнөттөрдө жана тартиптерде каралат.

ОН ҮЧҮНЧҮ КАДАМ

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга берилүүчү жардам көрсөтүү маселелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 токтомуна ылайык жүргүзүлөт.

ЖАРДАМДЫН ТҮРЛӨРҮ:

- Укуктук
- Социалдык
- Медициналык
- Психологиялык
- Коргоо

КИМДЕР ЖАРДАМ БЕРЕТ:

- юстиция органдары,
- аймактык адвокатуралар,
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары
- ички иштер органдары,
- социалдык өнүктүрүү органдары,
- балдарды коргоо органдары,
- саламаттык сактоо органдары,
- билим берүү органдары
- мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү,
- коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар (кризистик борборлор, консультациялык-алдын алуу борборлору)

Укуктук жардам:

- консультациялар
- юридикалык документтерди даярдоо
- соттордо жана мамлекеттик органдарда өкүлчүлүк кылуу
- мыйзамдарда аныкталган юридикалык маанилүү аракеттердин башка түрлөрү кирет.

Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамда белгиленген тартипте акысыз көрсөтүлөт.

Медициналык жардам:

ден соолугун сактоо жөнүндө мыйзамдарда аныкталган медициналык-санитардык жардамдын бардык түрлөрү көрсөтүлөт.

Социалдык-психологиялык жардам:

1) социалдык коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

2) мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө мыйзамдарга ылайык зарыл документтерди жана социалдык жөлөкпулдарды алууга көмөк көрсөтүү;

3) социалдык кызматкердин, психологдун консультацияларын берүү;

4) коопсуздугун камсыз кылуу максатында социалдык кызматтарда коопсуз орундарды берүү;

5) социалдык реабилитациялоого көмөктөшүү;

6) үй-бүлөлүк зомбулук учурлары айкындалган үй-бүлөлөр менен социалдык иштөө;

7) консультациялык-алдын алуу борборлорунда (кризистик борборлордо), баш калкалоо жайларында жардам алууга укукту

Кыргызстан
г.Джалал-Абад,
ул. Эркиндик, 30 квартал.

+996 (3722) 21718
+996 (3722) 21015
spravedlivost.hro.kg@gmail.com